**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**НАРЫН ШААРДЫК МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА НАРЫН**

# ТОКТОМ

11-апрель___ 2022-ж. №_51______ Нарын ш.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы №313 Жарлыгын жана 2022-жылдын 2-февралындагы №44-т тескемени аткаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий-адеп-ахлахтык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитү тууралуу” Жарлыгынын жана 2022-жылдын 2-февралындагы №44-т тескемени жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 9-март 2022-жылдагы №34-б буйругун Нарын шаарында ишке ашыруу максатында, **токтом кылам:**

1. Нарын шаарында 2022-жылдын 2-февралындагы №44-т тескемени жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 9-март 2022-жылдагы №34-б буйругу аткарууга алынсын.
2. Нарын шаарында Инсандын руханий-адеп-ахлахтык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө иш-чаралар планы бекитилсин (тиркелет).
3. Нарын шаардык тиешелүү мекеме-ишканалар “Инсандын руханий-адеп-ахлахтык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” комплекстүү иш-чаралар планын жеринде аткарууга алышсын жана жүзөгө ашырышсын.
4. Бекитилген иш-чаралардын планынын аткарылышы боюнча маалыматтарды квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15ине чейин Нарын шаардык мэриясына берип турушсун.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нарын шаарынын вице-мэри Н.Жумакадыровага тапшырылсын.

**Мэр** **К.Тутуев**

**Нарын шаардык мэриясынын 2022-жылдын “_11”__апрель №51___ токтому менен бекитилсин**

**2021-2026-жылдарга инсандын руханий-адеп-ахлахтык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы**

| № | Милдеттер | Иш-чаранын мазмуну | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|
| | **1. Руханий-адеп-ахлахтык өнүктүрүү жана дене тарбия боюнча мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун жогорулатуу** | | | | |
| 1.1 | Концепциянын аткарылышын ишке ашыруу үчүн уюштуруучулук, укуктук шарттарды түзүү жана натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу | 1.1.2Ар бир мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адам ресурстарын башкаруу түзүмүнө адеп-ахлактык этиканын функцияларын киргизүү | 30.03. 2022-жыл | Нарын шаардык мэриясы | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын адеп-ахлактык жана этикалык жүрүм-туруму боюнча функциялар киргизилди. |
| | | 1.1.5 Волонтердук кыймылдар жаатында ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу, мигранттардын балдарынын укуктарын коргоого тиешелүү “Меценанттык жана соопчулук иши жөнүндө”, “Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө” ченемдик укуктук актыларга, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине балдардын ата-энелеринин жана мыйзамдуу өкүлдөрүнүн | | Нарын шаардык билим берүү бөлүм Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы | Концепцияны толук ишке ашыруу үчүн шарттар түзүлдү. Ченемдик укуктук актылар кабыл алынды. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | балдарды окутуу жана тарбиялоо жаатында кызыгуусун арттыруу жана жоопкерчилигин жогорулатуу максатында өзгөртүүлөрдү киргизүү | | | |
| 1.2 | Руханий кайра жаралуу үчүн мамлекет менен коомдун ортосундагы байланышты жана өз ара аракеттенүүнү күчөтүү | 1.2.1. Концепция жөнүндө калкты маалымдоо боюнча медиаплан иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | 20.03. 2022-ж | Нарын шаардык мэриясы | Медиаплан иштеп чыгуу, ишке ашыруу |
| | **2. Кыргызстан элинин бирдейлигин, маданиятын жана каада-салттарын сактоо жана өнүктүрүү** | | | | |
| 2.1. | Заманбап билимдерди жана технологияларды пайдалануу менен Кыргыз элинин руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарын сактоону жана көбөйтүүнү камсыз кылуу | 2.1.4. Кыргыз Республикасынын материалдык жана материалдык эмес маданий мурастарынын обьектилеринин электрондук реестрин иштеп чыгуу, обьекттерди, материалдарды санариптештирүү жана социалдык тармактарга, мектептерге, китепканаларга, клубдарга жайгаштыруу | 20.12. 2023-ж | Нарын шаардык китепкана Нарын шаардык маданият бөлүмү Нарын шаардык билим берүү бөлүмү | 2024-жылдын аягына чейин электрондук реестр иштейт. 2026-жылдын башында _____санариптештирилген чыгарма, ____ маданият жана искусство обьекттери электрондук реестрге жайгаштырылат,_____ ашык колдоонуучулар. |
| | | 2.1.5. Ар бир региондогу тарыхый-маданий обьектилердин тизмесин жана аларга окуучулардын, бюджеттик уюмдардын, мамлекетик жана муниципалдык кызматчылардын милдеттүү баруусунун | 20.12. 2023-ж | Нарын шаардык китепкана Нарын шаардык маданият бөлүмү<br><br>Нарын шаардык билим берүү бөлүмү | Жыл сайын ____ окуучу тарыхый-маданий мурас обьектилерине барат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | механиздерин аныктоо | | | |
| | | 2.1.7. Улуттук кийимдерди, саймаларды, шырдактарды, баш кийимдерди, улуттук турак жайды, ашкананы ж.б. кеңири жайылтууга багытталган “Сайма” деген жалпы аталыш менен иш-чаралар комплексин өткөрүү | 20.12. 2023-ж | Нарын шаардык мэриясы Нарын шаардык китепкана Нарын шаардык маданият бөлүмү | ____ иш чара өткөрүлдү,иш чаранын катышуучуларынын жалпы саны _____адам. |
| | | 2.1.10. Улуттук кенч жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын бардык тарыхый-маданий обьекттери менен бирдиктүү географиялык картаны түзүү жана киргизүү | 20.12. 2023-ж | Нарын шаардык мэриясы Нарын шаардык китепкана Нарын шаардык маданият бөлүмү | Көрүнүктүү маданий жерлер жөнүндө бирдиктүү маалыматтык система түзүлдү |
| | | 2.1.11. Социалдык-маданий, билим берүү обьекттеринин базасында салттуу руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарды жана сергек жашоо образын жайылтуу функциясын аткарган “Маданият ордосу” борборлорун түзүү | 2022-2026-жж | Нарын шаардык билим берүү бөлүмү Нарын шаардык китепкана Ж.Шералиев атындагы балдар искусство мектеби | Шаардык китепканаларда, билим берүү мекемелеринин базасында ______ борбор түзүлгөн. Калкты камтуу ___%. |
| | | 2.1.12. Жаштар арасында “Мен көчмөндөрдүн урпагымын” деген аталышта спорттук жана улуттук оюндарды өткөрүү | 2022-2026-ж.ж | Нарын шаардык жаштар иштери, спорт жана дене тарбия бөлүмү Нарын шаардык жаштар | Жыл сайын _____ адамдын катышуусунда спорттук оюндар өткөрүлдү. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | кеңеши | |
| | | 2.1.13.Мамлекеттик кинотеартларды модеринизациялоо жана техникалык жабдуу | 2022-2026-жж | Нарын шаардык мэриясы | Төмөнкүлөргө модеринизациялоо жана техникалык кайра жабдуу жүргүзүлдү. Мисалы: |
| | | 2.1.15. Калкты Кыргыз Республикасынын маданий жана руханий баалуулуктарына тартуу, таланттуу адамдарды табуу жана аларга колдоо көрсөтүү. | 2022-2026-жж | Нарын шаардык мэриясы Нарын шаардык маданият бөлүмү Ж.Шералиев атындагы балдар искусство мектеби | Катышуучулардын саны жыл ичинде _____. |
| 2.3. | Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнү камсыз кылуу, патриоттуулуктун, улуттук сыймыктын рухун, өлкөнүн позитивдүү образын калыптандыруу | 2.3.1. Жарандык бирдейликти, патриоттуулукту, сыймыктануу жана Кыргыз жараны жарандык аңдап түшүндүрүү өнүктүрүүгө багытталган “Мен-Кыргыз жараны” улуттук долбоорунун алкагында калктын ар кандай тобунун кызыкчылыктарын ын жана жашын эске алуу менен иш-чаралар комплексин жүргүзүү | 2022-2026-жж | Нарын шаардык билим берүү бөлүмү Нарын шаардык ички иштер бөлүмү Нарын шаардык китепканасы | ____ иш чара, ___ долбоор өттү. |
| | | 2.3.2.Коом тааныган жана урматтаган жарандардын (окумуштуулар, эмгекчилер, ишкерлер, врачтар, мугалимдер, спортчулар, артистер, жаштар ж.б.) катышуусу менен Кыргыз Жараны руханий-адеп-ахлактык | Дайыма | Нарын шаардык мэриясы Нарын шаардык китепкана Нарын шаардык маданият бөлүмү | Адамдардын тарыхы өлкөнүн тарыхы” жылына ____жыйын өткөрүлүп, ____ сүйлөнүүчү сөз, социалдык тармактарда катышкан коноктордун саны___. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | баалуулуктарды жана жарандык бирдейликти жайылтуу жана илгерилетүү үчүн жетишкендиктер, ийгиликтүү практикалар жөнүндө "Адамдардын тарыхы-өлкөнүн тарыхы" маалыматтык кыймылды уюштуруу. Бул кыймылга онлайн жана офлайн форматтарында камтуу | | | |
| | **3. Руханий-адеп-ахлактык жана дене тарбиясын өнүктүрүү** | | | | |
| 3.1. | Жаратман эмгекке жана тарбиясын өнүктүрүүгө багытталган билимдүү инсанды калыптандыруу | 3.1.1.Ата-энелерге үй бүлөлүк тарбия берүү жаатында кошумча билим берүү программалары боюнча окууга мүмкүнчүлүк берүү | Дайыма | Нарын шаардык билим берүү бөлүм Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы | Жылына _____ үй бүлөгө көрсөтүлгөн кызматтардын саны. |
| | | 3.1.9.Жалпы билим берүү мекемелеринде эрте менен көнүгүүлөрдү жасоону, медициналык кароону жана жалпы республикалык дене тарбия жана ГТО ченемдерибоюнча өнүктүрүү програмасын калыбаны келтирүү. | 2022-2023-жж | Нарын шаардык билим берүү бөлүмү Нарын облустук медицина борбору | ____% бала ГТО тапшырды, билим берүү системасында _____% бала медициналык кароодон өттү. |
| 3.2. | Коомдук жүрүм-турумдун алгылыксыз | 3.2.1 Коомдо кандай гана түрдө болбосун | 2022-2026-жж | Нарын шаардык билим берүү | Жыл сайын статистикалык маалыматтарды көрсөтүү менен аткарылган иш |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | ченемдерине жарандардын терс мамилесин калыптандыруу | зомбулукка жол бербөөнү калыптандырууга, зомбулукка каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө, зомбудукту болтурбоо боюнча чараларды ишке киргизүүгө жана зомбулуктан жабыр тарткандар үчүн көрсөтүлүүчү кызматтарды кеңейтүүгө багытталган иш-чараларды комплекстин жүргүзүү | | бөлүмү Нарын облустук медицина борбору Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалагы | чаралардын санын көрсөтүү |
| | | 3.2.2. Билим берүү мекемелеринин окуучулары жана балдар интернат мекемелеринин тарбиялануучулары менен турмуштук оор кырдаалда калган балдар үчүн укук бузуулардын алдын алуу (мектеп рекети, бангилик, аракечтик, тамеки тартуу ж.б.) боюнча маалыматтык-түшүндүрүү жана алдын алуу иштерин жүргүзүү | Дайыма | Нарын шаардык билим берүү бөлүмү Нарын шаардык ички иштер бөлүмү Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы | Камтылган билим берүү мекемелеринин саны, % көрсөтүү менен. Окуучулар арасында кылмыштуулуктун санын ___% кыскартуу менен көрсөтүү. |
| | **4. Адамдык капиталдын сапатын жогорулатуу жана руханий жактан жаңылануу** | | | | |
| 4.1. | Үй-бүлөлүк баалуулуктарды урматтоону калыптандыруу | 4.1.1. Бекем үй бүлө курууга даярдоого, жаштарды биргелешип үй-бүлө курууга көндүрүүгө, ажырашууну алдын алууга, жоопту ата-эне болууга багытталган “Жаш үй бүлө” деген | 2022-2026-жж | Нарын шаардык мэриясы Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыг | Камтылган жаштардын жана жаш үй бүлөлөрдүн саны, % көрсөтүү менен. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жалпы аталышта иш-чаралардын комплексин өткөрүү | | ы<br>Нарын шаардык маданият бөлүмү<br>Нарын шаардык жаштар кеңеши | |
| | | 4.1.2. Оор турмуштук кырдаалдагы үй бүлөлөргө колдоо көрсөтүүгө багытталган “Аярлуу үй бүлө” (оор турмуштук кырдаалдагы үй бүлөлөр) деген жалпы аталышта иш-чаралардын комплексин өткөрүү | 2022-2026-жж | Нарын шаардык мэриясы<br>Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы | ТЖК үй бүлөлөрдүн ___% катталды, ____ долбоор. Кайрымдуулук каражаттарын тартуу. |
| | | 4.1.3. Репродуктивдүү ден соолукту жакшыртууга, энеболууга даярдоого жана ымыркайларды багууга багытталган “Умай Эне” деген жалпы аталышта иш-чаралардын комплексин өткөрүү | Дайыма | Нарын облустук медицина борбору | Жаш энелердин ____% камтылган. Энелердин жана балдардын өлүмүн ____ % азайышы. |
| | | 4.1.4. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарга жана улгайлан жарандарга үй бүлөлүк чөйрөнү жана камкордукту камсыз кылууга багытталган “ Үй бүлө баары үчүн” кыймылын уюштуруу | 2022-2024-жж | Нарын шаардык мэриясы<br>Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы | Жыл сайын балдарды уйлгайган карылыарды үй бүлөлүк чөйрө менен камсыз кылууга багытталган иш-чаралардын саны (жыл сайын балдарды, улгайган карыларды үй бүлөлүк чөйрө менен камсыз кылууга багытталган иш-чаралардын санын көрсөтүү менен) |
| | | 4.1.7. Балдарды, өзгөчө мигранттардын балдарын | 2022-ж | Нарын райондор аралык эмгек жана | Иш чаралардын планы түзүлдү. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | тарбиялоодо ата-энелердин жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча чаралардын пакетин иштеп чыгуу жана бекитүү | | социалдык өнүгүү башкармалыгы Нарын шаардык билим берүү бөлүмү | |
| 4.2. | Жарандардын айлана-чөйрөгө аяр мамилесин калыптандыруу жана экологиялык аң сезимин өнүктүрүү | 4.2.2Калкты шыктандыруу жана мотивациялоо чаралары менен “Үлгүлүү көчө, үй, квартал” сынагы жөнүндө жобону иштеп чыгуусу жана аны ар жылдык негизде өткөрүү | Дайыма | Нарын шаардык мэриясы | Жобо, калкты камтуу ___% |
| 4.3. | Сергек жашоо образын жайылтуу жана спорттун жана дене тарбиясынын массалык түрлөрүн өнүктүрүү | 4.3.1.Кыймылдуу жашоонун образын кеңейтүүгө жана активдүү узак жашоого багытталган “Дени сактын-руху сергек” деген жалпы аталышта иш-чаралардын комплексин өткөрүү. Ачык асман алдында спорт аянтчаларын ачуу | Дайыма | Нарын шаардык жаштар иштери, спорт жана дене тарбия бөлүмү | Ачык асман алдындагы ачылган спорт аянтчалардын саны, өткөрүлгөн иш-чаралардын саны, калктын камтылышы % менен. |
| | | 4.3.4. Ден соолугуну мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын муктаждыктарын эске алуу менен өз короосунда, кварталында, көчөсүндө, шаарда дене тарбия жана спортту өнүктүрүүгө, дене тарбиянын жана спорттун массалык түрлөрүн, ачык асман алдындагы спортту | Дайыма | Нарын шаардык мэриясы Нарын шаардык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмү | Калктуу камтуу менен _____%, _____ иш-чара, ____долбоор |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | өнүктүрүүгө багытталган “Өзүңдөн башта” кыймылын уюштуруу | | | |
| 4.4. | Жарандардын Ата мекенге болгон сүйүүсүн калыптандыруу жана жаңы лидерлердин чыгуусун камсыз кылуу | 4.4.1.Шаардын тарыхый көрүнүктүү жерлери жана ыйык жерлери боюнча туристтик, таанып-билүүчүлүк турларды иштеп чыгууда багытталган “Өз өлкөңдү тааны” кыймылын уюштуруу | Дайыма | Нарын шаардык мэриясы | ___% калк камтылды. Тырыхый көрүнүктүү жерлери жана ыйык жерлер боюнча ____тур иштелип чыкты. |
| | | 4.4.2. Волонтерлукту жайылтууга, алардын үлгү катары ийгиликтүү тажырайбаларын көрсөтүүгө багытталган “Мен-ыктыярчы” кыймылын уюштуруу | Дайыма | Нарын шаардык мэриясы Нарын шаардык жаштар кеңеши | ___ волонтурдук долбоор, ____ден ашык катышуучу |
| | | 4.4.3. Ата мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоо үчүн Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн продукцияны керектөөнү жайылтууга багытталган “Мен Кыргызстанды тандайм” кыймылын уюштуруу | Дайыма | Нарын шаардык мэриясы | Социалдык тармак аркылуу кыймылга _____ ден ашык адам камтылган. |

**Аппарат жетекчи** **Н.Кайыпов**